РЕСПУБЛИКАЛЫК ПЕДАГОГИКАЛЫК КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН КВАЛИФИКАЦИЯСЫН ЖОГОРУЛАТУУ ЖАНА КАЙРА ДАЯРДОО ИНСТИТУТУ

**Внедрение новых образовательных стандартов и программ в соответствии с международными методами и требованиями**

# Жаңы билим берүү стандарттарын жана программаларын эл аралык ыкмаларга жана талаптарга ылайык ишке ашыруу.

# Курстун максаты:

- **Мугалимдердин жаңы билим берүү стандарттарын жана эл аралык ыкмаларды эске алуу менен натыйжалуу окутуу көндүмдөрүн өнүктүрүү.**

- **Жаңы окуу методикалык комплексти (5-,7-класс математика) колдонуу боюнча инструктаж жана педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу.**

# 1-күн

- Киришүү
- Мамлекеттик билим берүү стандарты. БУП (Базистик окуу планы). Предметтик стандарт. Математика боюнча программа.
- МОИ

# 1-сессия. Жаңы Мамлекеттик билим берүү стандарты: негизги өзгөрүүлөр жана мугалимдин ролу

- Жаңы Мамлекеттик стандарттын маңызы жана максаттары менен тааныштыруу
- Мугалимдин ролун талкуулоо
- Сабакта компетенттүүлүккө багытталган окутуунун өзгөчөлүктөрүн түшүнүү

## Талкуулайлы (платформалар аркылуу)

- Жаңы стандарттагы **негизги өзгөрүүлөрдү** мугалим катары кандайча кабыл алдыңыз?

- Сиздин сабагыңызда кайсы **негизги компетенттүүлүктөрдү** калыптандырууга көңүл бурасыз?

# Ойлон-Жупта талкуула- Бөлүш

Жаңы стандарттын **философиясы** боюнча кыскача түшүндүрмө түзүңүз.

- Жаңы МББ стандартынын философиясы- билимди берүү эмес, билимди колдонууга,жашоого ыңгайлаштыруу жана окуучунун ар тараптуу өнүгүшүнө шарт түзүү.
- Компетенттүүлүккө негизделген мамиле: б.а  Маалыматты жаттатып берүү эмес билимди түшүнүү, кылганына жоопкерчилик алуу, кызматташа иштөө, маселени чече билүү жөндөмдөрүн өнүктүрүү.
- Эмнени билесиң” - деген суроонун ордуна “Эмне кыла аласың” суроосун коет
- Окуучуга багыттылган окутуу
- – окуучу - билимдин пассивдүү алуучу эмес,активдүү катышуучу,изилдөөчү.
- мугалим - жардамчы,багыттоочу
- Ар бир бала уникалдуу стандарт ар бир окуучунун потенциалын ачууну максат кылат,массалык “бирдиктүү ” билим берүүдөн алыстайт
- Өмүр бою үйрөнүү
- Окуучу өз алдынча үйрөнүүнү үйрөнөт
- өзүн -өзү өнүктүрүүгө тартылат
- Жарандык жоопкерчилик жана баалуулуктар
- жоопкерчиликтүү,акыл- эс жана жүрүм- турум жагынан да жетилген инсан болушун көздөйт
- Интеграция жана предмет аралык байланыш
- Предметтер бири-биринен обочо эмес, бирдиктүү дүйнөнү түшүндүрүүнүн бөлүгү экенин түшүнүүсү керек
- Инклюзивдүүлүк жана адилеттүүлүк
- Ар бир өспүрүм - окуунун толук кандуу катышуучусу.Стандарт ар кандай мүмкүнчүлүгү бар окуучулар үчүн тең мүмкүнчүлүгү түзүүгө багытталган

***Ар бир окуучу - өз алдынча ойлонууга,суроо берүүгө, изилдөөгө жана чечим чыгарууга жөндөмдүү инсан болушу керек***

*“Билим бул мазмун эмес, жашоого керектүү көндүм”*

# Эмне үчүн жаңы стандарт керек?

- Эл аралык билим берүү мейкиндигине интеграция
- Глобалдык атаандаштыкка жөндөмдүү бүтүрүүчү
- Улуттук маданий жана руханий мурастарды сактоо
- Сапаттуу билимге коомдун муктаждыгын канааттандыруу

# Практикалык иш

- Өз сабагыңыздын мисалында:

1. Кайсы баалуулуктарды калыптандыра аласыз?

2. Кайсы компетенттүүлүккө багытталган иш-аракетти киргизсеңиз болот?

# Жалпы билим берүүнүн философиясы

- ***Өз алдынча жана жоопкерчиликтүү инсанды тарбиялоо***
- ***Чыгармачыл жана эмгекчил жаратманды калыптандыруу***
- ***Жарандык аң-сезимди бекемдөө, мекенчилдик***
- ***Туруктуу өнүгүү принциптерин жайылтуу***

# Негизги баалуулуктар


- ***Мекенчилдик***
- ***Чынчылдык жана адилеттүүлүк***
- ***Жоопкерчилик***
- ***Боорукердик***
- ***Эмгекчилдик***
- ***Табиятка аяр мамиле***
- ***Туруктуу өнүгүү***

## Негизги милдеттер

- Бардык балдарга **бирдей жеткиликтүүлүк**
- **Коопсуз жана өнүктүрүүчү чөйрө** түзүү
- **Маданий жана руханий баалуулуктарга шайкеш тарбия**
- **Тил жана маданий толеранттуулук**
- **Жашыл көндүмдөрдү** калыптандыруу

# Компетенттүүлүккө негизделген мамиле

- *Таанып-билүүчүлүк*
- *Социалдык-коммуникативдик*
- *Эмоционалдык-инсандык*
- *Маалыматтык-санариптик компетенттүүлүк*



# Баалоо системасы

- **Диагностикалык** – баштапкы деңгээлди аныктоо
- **Калыптандыруучу** – процесс жүрүшүндө колдоо берүү
- **Суммативдик** – жыйынтыктоочу баалоо


# *Мугалимдин жаңы ролу*

- *Окутуунун **модератору жана устаты***

- *Компетенттүүлүккө багытталган методдорду колдонуу*
- *Санариптик  технологияларды интеграциялоо*

- *Баалоодо **критериалдык мамиле***

# МСЕ компаниясынын математикалык сабаттуулукту жогорулатууга карата мамилеси




**Окуучуларым материалды өздөштүргөнүн кантип билем?**

**Баалоо**

©Бардык укуктар корголгон